# НАРЫН ОБЛУСУНДАГЫ КОЛО ДООРУНУН ЭСТЕЛИКТЕРИ

**ИМАНАЛИЕВ С.,**
**ӨМҮРЗАКОВА Ж.**
biblionsu@rambler.ru

Борбордук Теңир–Тоонун Ала-Мышык тоосунун батыш тарабында орун алган байыркы көрүстөндөрдүн бири Айгыр-Жал II көрүстөндү изилдөөдө улуу окумуштуулардын бири А.Н.Бернштам жана А.Кибиров ички Теңир-Тоонун аймагын изилдөөдө байыркы ата-бабаларыбыздын басып өткөн жолун бул убакытка чейин археологиялык казуу иштерин жүргүзүп келген. 1940-жылы профессор, археолог А.Н.Бернштам Борбордук Теңир-Тоо өрөөнүн изилдеп келсе, ал эми 1946-жылы А.Кибиров Айгыр-Жал II көрүстөнүн изилдеп, бир катар дөбөлөрдү ачып коло дооруна таандык байыркы эстелик катары аныктап берген. Ушундан улам 1990-жылы профессор Ю.Худяков жана археолог К.Ш. Табалдиевдин Теңир-Тоо жергесиндеги баалуу эстеликтерин издөөдө табылгалардын баалуулуктарга ээ болушу менен байыркы Теңир-Тоо өрөөнү эстеликтерге бай экенин далилдей алышты. Улуттун таянычы тарых болсо, тарыхтын таянычы археология дегендей, археологиялык илимий изилдөөлөрдө Кыргыз-Түрк Манас университетинин профессору тарых илимдеринин кандитаты К.Ш. Табалдиевдин №7 атайын уруксат кагазынын негизинде илимий изилдөөсүн улантылды. Археологиялык илимий изилдөө 2012-жылдын июнь айларында башталган, экспедициянын курамында профессор К.Ш.Табалдиев, Кыргыз улуттук университетинин ага окуутучулары О.А.Солтобаев, М.И. Москалев, Борбордук Азия Америка университетинин археологу А.Абдыканова жана практикант-студенттер менен ийгиликтүү иш жүргүзүштү. Алгач көрүстөндөгү дөбөлөрдү ачууда сак жана усундарга, гунндарга тиешелүү адамдардын сөөктөрү кезигип, алардын жанынан күнүмдүк турмушунда колдонулчу буюм-тайымдардын коюлушу кандайдыр бир маданият менен байланышынын белгилери байкалган, башкача айтканда А.Н.Бернштам иликтөөсүнүн биринде Ала-Мышык көрүстөнүн казууда байыркы уруу союздардын маданиятын жана көчмө урууларддын Борбордук Теңир-Тоодо отурукташып калышы менен байланыштырган [1]. Айрым бир сактардын дөбөлөрүн казып кирүүдө, салттык маданияттардын бири маркумдун жанынан от күлүнүн калдыктары табылып, мындай мүнөздүү белгилер биринчи кезекте Батыш Сибирь урууларынын маданияты, андан кийин Алтай, Енесай маданияттары менен байланышы бар деп VII-VI кылымга таандык Алтайдагы табылган коло дооруна тиешелүү бычак, буюм-тайымдар Айгыр-Жал көрүстөнүндө табылганы менен окшоштугу дал келет. Борбордук Теңир-Тоодогу байыркы уруу союздардын отурукташы алар жөнүндө ар бир археологиялык көз караштагы окумуштуулар өз пикирин калтырган. В.В.Гензбургдун аныктамасы б.з.ч. Тянь-Шандагы сактардын сөөгү европеид рассасында деген көз карашын билдирген, ал эми Графимонун айтымында болсо сактар коло доорундагы көчмөндөрдүн жергиликтүү калк менен аралашуусу деп эсептеген. Аралашуу механикалык генетикалык мүнөздө күч менен басып алуу менен башталган Кыргызстандын аймагындагы уруулардын аралашуусу монголоид типтеги адамдардын келбети деп баса белгилеген. Археологдор сактардын эстеликтерин изилдөөдө ири иликтөөчүлөр К.А.Абетекова, К.И.Ташбаеванын эмгектеринде маалымдангандай Борбордук Теңир-Тоодо сактардын саны алганда 28 эркек, 18 аялдын сөөктөрүн табышкан. Аял менен эркектин сөөктөрү айырмаланып турат деген көз караштарын киргизишкен. А.Н. Бернштамдын иликтөөсүндө монголиод курамындагы сактарды түрүнө бөлүнгөндөр Борбордук Теңир-Тоодо, Алайда жана батыш Казакстанда байырлашкан. Алай менен Теңир-Тоодогу монголиод расасындагы болгону менен аларда да европеид расасынын белгилери байкалган. 1944-1948-жылдары А.Н.Бернштамдын археологиялык экспедициясында Тянь-Шандагы жана Алайдагы эстеликтерди ачууда андронов маданиятынын өкүлдөрү деп атаган. Себеби Борбордук Теңир-Тоодогу байыркы эстеликтердин

чыгышы көбүнчө сактарга, усундарга, гунндарга тиешелүү болуп, уруу союздары мал чарбачылык менен кесип кылгандыгын айгинелеп тургандыктан, аларды андронов маданиятынын өкүлдөрүнө кошушкан [2].

Ж.Баласагын атындагы КУУнин археолог-окутуучулары жана студенттери менен НМУнин тарых кафедрасындагы тарых адистигинин окутуучулары жана студенттери биргелешип казуу иштерин жүргүзүштү. Биз Айгыр-Жал көрүстөнүндөгү дөбөлөрдү казууда маркумдун жанынан малдын сөөктөрү коюлганын кездештирдик, ал көбүнчө койдун, жылкынын, эчкинин сөөктөрү табылышы менен мал чарбачылык менен кесип кылгандыгын аныктай алдык.

Көрүстөндөрдү казууда түрктөрдүн кызыктуу ырым-жырымдарынын бири болуп маркумдун жанынан атты же болбосо койду кошо койгон, себеби тиги дүйнөгө барганда ушул атты минип жүрөт деген ишенимди кабылдашкан. Эгер өлгөн адамдын аты жок болсо, анда анын ордуна койду ырымдап коюшкан. Булар атты адамдын символу деп эсептешкен. Маркумдун жанынан үзөңгү, ээр сыяктуу ат буюмдары жолуккан, аны тактоо ирээтинде этнографиялык изилдөөлөрдү жасашып, С.М.Абрамзон [3], Т.Д.Баялиева, Ш.Б.Акмолдоева, И.Молдобаевдер тастыкташкан. Л.А.Евтюхованын айтымында караганда ушул убакта енесайлык кыргыздарда да аттын көмүлгөндүгү кездешкен, жыйынтыгында енесайлык кыргыздар менен Теңир-Тоолук уруу союздарынын көмүү салттарынын өз ара байланыштарын салыштырган. А.М.Фетисованын Кочкор өрөөнүн казууда аттардын сөөктөрү кездешкен, тоолуу Талас өрөөнүндөгү дөбөлөрдү казууларында И.Кожембердиев, Д.Баруздина, Я.А.Шердин изилдөөлөрүндө казуу учурунда 3 аттын жашыруун көмүлгөндүгү далил болду, бул жагдайда аттардын көмүлүшү түрктөрдүн ырымдары деп эсептөөгө болот. Борбордук Теңир-Тоодогу байыркы эстеликтердин баары коло дооруна таандык болуп, колодон жасалган буюмдар жана кооз жасалгалар көп орун алган. Буга катар эле Н.Г.Голачкин [4] коло дооруна тиешелүү көрүстөндөрдү ачкан. Ат-Башы өрөөнүнүн батыш бөлүгүндөгү 1-май айылында жайгашкан, ал жерде 4 оградка казылган. Анын узундугу 150-160-180 см, туурасы 80-90 см тереңдиги 80-180 см болгон мүрзө толук түрдө сакталган. Казылып алынган инвентарларга датировка берүүдө андронов маданиятынын кеч этабы деп эсептешкен. К.Табалдиевдин Кара–Кужур жана Кочкор өрөөнүндөгү табылгаларында эскерүү таштардын оградкасын жана Бала-Бейит көрүстөнүнөн коло бычак табылган [5]. Анын узундугу 15,5 см, туурасы 3 см, ал эми карапа идиш сакталган эмес, б.з.ч. II миң жылдыкка туура келип, аналогиялык жактан андронов маданиятына жакын. А.К.Абетекова Кочкор өрөөнүндөгү Чолпон айылындагы көрүстөндөрдү казууда экинчи жолу бычак табылган. Дал ушундай көрүстөндөрдү ачууда алардын байыркы эстелик катары саналып, Айгыр-Жал көрүстөнүндөгү казууларда коло доорундагы дөбөлөр бири–бирине окшош жана бир эле мезгилди өз ичине камтыйт.

А.К. Кибировдун «**Таш дөбө**» №1 дөбөсүн казууда, анын чуңкурун 2 бөлүккө болгон. Төрт бурчтуу жалпак таштар менен жабылган түндүк жагынын тереңдиги 1,6 м аттын сөөгү сол жагында, баш сөөгү батыш-чыгышты каратылган, үзөңгүнүн калдыктары кезиккен жана байыркы түрк тибиндеги ээрдин коюлушу түштүк бөлүгүндө жайгаштырылган тереңдиги 1,75 м эркек кишинин сөөгү бет маңдайы сол жакта, баш сөөгү түндүк-чыгышты каратылган. Табылгалары кылыч, билериктин түрлөрү, ушул дөбөдөн баалуу инвентарлар чыккан. Археологиялык илимий изилдөөлөрдө ар бир көрүстөнгө мүнөздөмө берүү менен ага так маалыматты ачып, кайсы доорго таандык экенин руханий маданияттын ачууда өтө кылдаттык мамиле талап кылынат. Айгыр-Жал көрүстөнүнүн дөбөлөрүндө кезиккен дагы бир уникалдуу инвентарь коло бычак эсептелет. Коло бычактын жасалгасы өтө чеберчилик ыкмада көркөм жасалганын байкоого болот. Бычактын сабы тыйын сымал кайрылган.

**№ 23 дөбөдө** сак уруусуна таандык адамдын сөөгүнүн жанынан карапа идиши табылган, карапа идиш жакшы сакталган, анын жасалгасы чоподон болгон, ушул мезгилге чейин өз формасын жоготкон эмес.

**№ 10 дөбөнүн** бийиктиги 10-15 см диаметри 4 м түндүк-түштүк бөлүгү каратылган. Тереңдиги 45 см түзүп, адамдын баш сөөгү табылып, таштак шагылдар кезиккен, тоголок формада

болуп, өлчөмү 15-25 см, бийиктиги 12 см, чыгыш бөлүгүндө таштар тоголок формада болуп, анын ичинде өзгөчө бир орун болуп, анын жанынан чогултулган майда сөөктөр табылган.

**№11 дөбөнүн** бийиктиги 15-20 см диаметри 7 м мүрзөнүн чуңкуру бузулгандан кийинки абалда, түштүк түндүктү каратылган. Мында кош бойлуу аялдын сөөгү табылып жанынан идиштери андронов тибинде болуп, бийиктиги 13,5 см туурасы 15 см. Ал түз сызыктар, чекиттер жана зигзаг түрүндөгү сызыктар менен коздолгон. Өйдө жактагы бурчтарында орнаменттер тартылган. Н.Г.Горбунова коло доорун изилдөөдө орнаменттердин 29 түрүн таап чыккан [5].

**№ 36 дөбө** 37-дөбөдөн түндүктү карай 250 см аралыкта жайгашкан. Күндүзү ал көп байкала бербейт, андыктан дөбөнү таштан жасалган түзүлүштө гана билсе болот. Анын кырдалган топурактары өткөн жүз жылдыктын 50-жылдары техникасы менен түздөтүлгөн. Азыркы учурда өтө сейрек кездешүүчү чөптөр менен жабылган. Диаметри 6 м, ал өтө чоң таштар менен капталган, өлчөмү 50х40х12см 55х45х14см, 30х30х15см кайсы урууларга таандык экени тууралуу издер байкалган эмес. Бирок батышты карай 160 см узундукта 40 м туурасы 5ден 12 см чейин тереңдикте сызыктар түшүрүлгөн. Алгач маданий катмарды алгандан кийин таштан турган түзүлүш байкалган, чыгыш тарабынан тоголок формада болуп, бул тоголокчонун ичинде 35 таш тизилген. Экинчи жана үчүнчү маданий катмарды казууда орундардын изи жана керамиканын фрагменти чыккан эмес. Тосмонун таштары тик түрүндө жасалган, бирок пландоонун жыйынтыгында туурасынан орун алган жана ошондой эле биринчи тосмодо окшош таштардын экинчиси шакекче түрүндө толукталган. Маданий катмардын тереңдиги 30 смди түзүп, от күлүнүн түсү байкалган, диаметри 50 см дөбөнүн чыгыштагы бөлүгүн тазалоодо таштар тегерек формада казуулар табылган. Алардын ылдый жагында торпоктун жамбаш сөөгү экиге бөлүнгөн түрдө жайгашкан. Бул сөөктөрдү учтуу, кескич инструменттердин жардамы менен кескен издерин байкоого болот. Батыш тарабында мүрзөнүн чуңкурунда 75 см тереңдикте адамдын омурткасынын сөөктөрү жана кичинекей жаңы төрөлгөн наристенин сөөгү бар болгон. 100 см тереңдикте чоң кишинин сөөгү табылган. Сөөктөрдүн жайгашуусунда карата бул казуу киришүү түрүндө болгонун айтсак болот. Бул жөнүндө сөөктөрдүн ар кандай түстөр аркылуу алардын жаш курагын аныктоого болот. Түндүк тарабында мүрзөнүн чуңкурунда колодон жасалган топчу жана илинүүчү буюмдар коникалык формада табылган. Уникалдуу табылга деп колодон жасалган бычак эсептелет, 115 см тереңдикте күлдүн тагы табылган. Түндүк дубалында колодон 64 шуру чыккан, алар колодон жасалган топчунун тегерегинде жайгашкан. Батышты карай дагы адамдын сөөгүнүн фрагменти жаткан. Мүрзөнүн чуңкурун тазалоодо, анын түбүнө 10 см калыңдыкта шагыл менен толтурулган. Бул шагыл көмүү ырым-жырымына карата алып келинген сыяктанат. Шагыл астында 3 адамдын кабыргасы жайгашкан. Алар 125 см тереңдикте кездешет.

**Табылгалар:** Коло доорундагы топчу, тегерек формада, диаметри 35 мм жана ички тарапты көздөй ийилген. Борборунда 1,2 мм калыңдыкта тешикчелер жана бийиктиги 2,5 мм. Сакталуусу мыкты болгон. Илинүүчү буюмдар колодон жасалган, туурасы 40 мм жана коникалык формада ийилген. Бир жагы 5 мм диаметр, экинчисиини диаметри 2,6 мм.

**Бычак:** узундугу 23 см, сабынын узундугу 9 см формасы тоголок орто тегерек, калыңдыгы 7 мм учтуу кескич бөлүгү 1 мм. өтө катуу эскирип дат баскан. Колодон жасалган шурулар 64 даана табылган, узундугу 1 м, калыңдыгы 1ден 1,5 мм барабар

**Казуунун хронологиясы**: Казуу иштериндеги табылгалар б.з.ч., XVI-XIV кылымдарга таандык болгон.

**№ 35 дөбө** Түштүк-батыш тарапта жайгашкан, үч жагынан жарчалар менен чектелген. Ал мүрзөнүн түндүк-батыш жана түштүк тарабынан курчалган. Дөбө таштан тосулуп туура эмес төрт бурчтуу формада түзүлүп, узундугу 480 см түндүк-түштүккө карай, чыгыш- батышка карай 540 см түзгөн. Жер кыркалары өткөнкү жүз жылдыктын 50-жылдардын аягында иштетилип, адыр жерлерге айланган. Түндүк тарабы зор өлчөмдөгү таштардан жасалса, сырткы шакекчеси чоң таштар менен жабдылган. Алар сүйрү же тегерек формада, таштар тик түрүндө жайгашкан. Түштүк-чыгыш дубалдары 2 катардан коюлган. Түштүк-батыш тарабын тазалоодо койдун

кабыргасы, даректын калдыктары табылган. Таш жана сөөктөрдүн фрагменти табылган эмес. Казуунун четтеринде таштардын жабдуулары алардын үстүндө тактайлар жайгашкан. Ал тактайдын калыңдыгы 4 смди түзүп, үстүндө жогоруда көрсөтүлгөндөй жыгачтар табылган. Түндүк-батыш тарабында 3 адамдын кабыргасы көрүнгөн, түндүк тарапта идиштер чыккан, ал бурчтагы таштан 40 см өйдө турган. Түштүк-батыш тарапта казуунун бурчунда карапа идиш өтө ышталган абалда чыккан. Эки идиш тең түштүк-түндүк тарапты көздөй жайгашкан. Батыш дубалдын борборунда колодон билерик табылган, ушул эле жерде үлүл формасындагы сөйкө жана бир билерик табылган. Түндүк бөлүгүндөгү жыгачтардын үстүндө омуртка жана түндүк-чыгыш бурчунда чачылган сөөктөрдөн топтому чыккан. Алар түндүк дубалдарында жайгашкан, үчүнчү идиш жана билерик, сөйкөлөрдүн жанынан табылган. Сөөктөрдү башка жерден өрттөшүп, анын калдыктарын мүрзөнүн чуңкуруна жайгаштырышкан [6].

**Табылгалар:** Карапа идиште ышталгандан кийинки издер бар, орнамент жок. Карапа идиш өтө майда кумдан жасалган. Күйгүзүлгөнү бирдей эмес, бийиктиги 14 см. Анын алгачкы формасы реставрациядан кийин калыбына келет.

**Карапа идиш:** Көрүстөндүн түндүк-батыш бурчунда болгон. Күйгүзүлгөнү бирдей эмес. Карапа өтө майда кумдан жасалган, анын ышталганы ички жана сырткы тараптан байкалат. Бийиктиги 11 мм туурасы, 12,5 см диаметри, 65 калыңдыгы 4 мм.

**Билерик**: Казууда 2 ийилген билерик чыккан, диаметри 6 см, туурасы 1,8 калыңдыгы 2-3 мм, аяк жагы сүйрү формада, узундугу бирдей түзүлүштө.

**Казуунун хронологиясы**: Казууда табылган табылгалар б.з.ч. XVI-IX кылымдарга таандык. Ушул көрүстөндүн дагы бир баалуу табылгалар болуп, таш дооруна таандык эки курал табылган. Алар кылдан чабылган таш жаракалары толук куралга айландырбастан ыргытылган абалда болгон. Таш тегине караганда алар сапаттуу курал жасай турган таштар башка жерден алынып келинген. Табылгалардын бири пластина хальцедон деп аталган структуралык таш теги болуп саналат. Мындай табылгалардын кезигиши байыркы Теңир-Тоо өрөөнү эстеликтери коло доорундагы таандык баалуулуктардын бири болуп саналат. Айгыр-Жал көрүстөнүндөгү кээ бир казууларда маркумдун сөөгүн өрттөп, майда сөөктү көмүшкөндүгү далил болду. Себеби маркумду өрттөө бул таза, от жамандык күнөөдөн арттырат деп түшүнүшкөн. Орто кылымдагы тарых жазуучусу Аль-Марвази энесайлык кыргыздардын айткан маалыматы боюнча «кыргыздар өлгөн адамдарды өрттөшөт». Анын белгилөөсүндө от бардык нерседен тазалайт жана кирди кетирет деген көз карашын билдирген. Буга катар эле Минусун ойдуңундагы дөбөлөрдү казууда улгайган адамдын сөөгүн өрттөшкөн жана наристенин сөөгүн өрттөбөй ошол абалда коюшкан, мындай белгилер чатас урууларында да кездешет деген, жыйынтыктап айтканда кыргыздар жана индустар маркумду өрттөп көмүшкөн. Теңир-Тоо аймагындагы дөбөлөрдөгү эстеликтер байыркы уруу элдердин бири-бирине болгон байланыштарын, алардын социалдык-саясий мамилелердин натыйжасында бир нече улуттардын аралашуусу байланышып турат. Муну аныктоодо дөбөлөрдө казууда маркумдун майда сөөктөрү өрттөлгөн жана от күлүнүн калдыктары, көмүрдүн чыгышы жыйынтыктап айтканда энесайлык кыргыздар менен байланышы бар экендигин тастыктай алдык. Нарын суусунун тарабында обьектилерди изилдөөдө таш бетинде сүрөттөр эчки-текенин, аттын, иттин же болбосо кандайдыр бир жаныбардын образын чагылдыра турган сыяктуу ритуалдарды кезиктиребиз. Буга чейин таш бетиндеги сүрөттөр 1985-жылы Сары-Булуң аймагындагы 9 км алыстыкта Ак-Таш деген жерде таш бетиндеги сүрөттөр кезигип, анда күндүн, аркар-текенин тартылган сүрөттөрүн жолуктурган [7]. Таш бетиндеги сүрөттөрдө табият менен адамдын өз ара тыгыз мамилелери чагылдырылган.

Жыйынтыгында Нарын шаарынын батышында жайгашкан Айгыр-Жал көрүстөнүн археологиялык казуу иштеринде табылган табылгалар б.з.ч. XVI-IX кылымдарга таандык. Коло доорундагы байыркы уруу союздарынын Андронов маданиятынын эстеликтерин камтыйт. Мындай жаңы баалуу табылгалар Кыргызстандын тарыхын дагы толуктай берет.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Бернштам А.Н. Избранные труды по археологии и истории киргизов и Кыргызстана. II. – Б.: 1998. С. 67-71
2. БернштамА.Н. Избранные труды по археологии и истории киргизов и Кыргызстана. I. – Б.:1996. С. 202-215
3. Амбрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча таңдалма эмгектер. -Б: 1993. С.187-193.
4. Голачкин Н. Новые данные об исследованиях памятниках эпохи бронзы. - Ф: 1977. С.30-39.
5. Табалдиев К. Древние памятники в Тянь-Шане. –Б.: 2001. С. 202-210.
6. Солтобаев О.А., Москалев М.И. Новые данные о памятниках эпохи бронзы Нарынской области. Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. Серия 2. Вып. 2013. С.37-42.
7. Табалдиев К. Древние памятники в Тянь-Шане. – Б.: 2001. С. 110-115